# ОКУТУУНУН САПАТЫ ЖАНА МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДОО БӨЛҮМҮ

# “ОШМУНУН ЗАМАНБАП ЛЕКТОРУ” КОНКУРСУНУН ЖОБОСУ

**Ош-2024**

## ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | Ош мамлекеттик университетинин “ОшМУнун заманбап лектору” конкурсунун жобосу |
| Документтин теги | ОшМУнун сапатты камсыздоо саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилгендиги жөнүндө маалымат | 2024-жылдын 19-апрелиндеги ОшМУнун Административдик кеңешинин № 22 протоколунун чечими менен бекитилген. |
| Документтин шифри | |
| Документтин кыскача аннотациясы | Бул жобо “ОшМУнун заманбап лектору” конкурсун өткөрүүнүн тартибин жана регламентин аныктайт. Жобо университеттин сапатты камсыздоо системасынын документи болуп эсептелинет. |

| ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ | | |
|---|---|---|
| 1. | Титулдук барак | 1 |
| 2. | Ченемдик документтердин паспорту | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 3. | Шарттуу кыскартуулар | 2 |
| 4. | Жалпы жоболор | 3 |
| 5. | Конкурсту уюштуруу жана өткөрүүнүн тартиби | 3 |
| 6. | “ОшМУнун заманбап лектору” конкурсунун катышуучуларынын укуктары | 5 |
| 7. | Катышуучунун милдеттери | 5 |
| 8. | Финалдык туру | 5 |
| 9. | Конкурстун жеңүүчүлөрүн жана финалисттерин сыйлоо | 6 |
| 10 | Конкурска катышуу үчүн арыз (1-тиркеме); | 7 |
| 11 | “ОшМУнун заманбап лектору” конкурсуна катышуучунун электрондук портфолиосу | 8 |
| 12 | “ОшМУнун заманбап лектору” конкурсунун финалдык туру боюнча баалоо барагы | 9 |


**Шарттуу кыскартуулар**

ОшМУ – Ош мамлекеттик университети

ОСМКБ – окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмү

ПЦК – предметтик циклдык комиссия

ПО курамы – професссордук-окутуучулук курам

НББП – негизги билим берүү программасы

ОМК – окуу-методикалык кеңеш

## I. Жалпы жоболор

1.1. Бул жобо “ОшМУнун заманбап лектору” конкурсун өткөрүүнүн тартибин жана регламентин аныктайт.
1.2. Конкурстун уюштуруучусу болуп Ош мамлекеттик университети (ОшМУ) эсептелет.
1.3. Конкурс билим берүүнүн мазмунун жаңылоо боюнча педагогикалык кызматкерлердин чыгармачыл ишмердигин өнүктүрүүгө, чыгармачыл активдүүлүктү жогорулатууга, инновациялык иштелмелерди жана технологияларды колдоого, билим берүүчүлүк ишмердиктеги жетишкендиктерди стимулдаштырууга, коомдо билим берүүнүн приоритеттерин орнотууга багытталган.
1.4. Конкурс жалпы университеттик статуска ээ жана төмөнкү максаттарда уюштурулат:

- Кесиптик жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн сапатын жогорулатуу;
- Кесиптик билим берүүнүн азыркы системасы жөнүндө позитивдүү коомдук пикирди калыптандыруу;
- Педагогдордун кесиптик чеберчилигин жогорулатуу;
- Таланттуу окутуучуларды аныктоо жана алардын чыгармачыл жана кесиптик потенциалын ачып көрсөтүү;

- Компетенттүүлүк мамиленин негизинде заманбап окуу процессин уюштурууну жайылтуу.

1.5. Конкурс “ОшМУнун заманбап лектору” номинациясы боюнча өткөрүлөт.

1.6. Конкурска педагогдук 5 жылдан кем эмес стажы бар, ошондой эле, окумуштуулук даражасынын бар же жок болушунан көз карандысыз ОшМУнун штаттык окутуучулары өз каалоосу менен катыша алышат.

1.7. Конкурстун жобосу ОшМУнун сайтына жайгаштырылат.

1.8. Конкурска катышкан окутуучу кайрадан 3 (үч) жылдан кийин катыша алат.

## II. Конкурсту уюштуруу жана өткөрүүнүн тартиби

2.1. ОшМУнун сайтында “ОшМУнун заманбап лектору” конкурсун өткөрүү жөнүндө кулактандыруу жарыяланат (октябрь айы).

2.2. Конкурс үч этапта жүргүзүлөт:

1-тур: “Кафедранын, ПЦКнын заманбап лектору”

2-тур: “Факультеттин, институттун, колледждин заманбап лектору”

3-тур: “ОшМУнун заманбап лектору”

**1-тур**: кафедралык тур (март айы): конкурска катышуучу талапкерлердин сабактарына кафедра мүчөлөрү катышып, “Кафедранын заманбап лекторун” аныкташат;

**2-тур**: факультеттик тур (апрель айы): “Кафедранын заманбап лектору” номинациясынын жеңүүчүлөрү катышышат. Факультеттин ПО курамынын ичинен түзүлгөн эксперттик топ кафедралардан аныкталган, лекция учурунда окутуунун заманбап технологияларынан жана техникалардан пайдаланган лекторлордун сабактарына катышышат, сабактарын көрүп, анализдейт, ошондой эле “Окутуучу студенттин көзү менен” анкетирлөөсү эске алынат. Жыйынтыгында “Факультеттин, институттун, колледждин заманбап лекторун” аныкташат жана университеттик турга 1 (бир) талапкерди сунушташат. Түзүмдөр тарабынан бекитилген эксперттик топ 2-турдагы топтогон жалпы баллдарынын суммасын эсептеп чыгарат жана анын негизинде “ОшМУнун заманбап лектору” номинациясына татыктуусун аныктайт.

**3-тур**: университеттик тур (май айы): эки этап менен өтөт – тандоо жана финалдык. 3-турга талапкерлер тиркемелерде көрсөтүлгөн документацияларды тапшырышат. Эксперттик топтун мүчөлөрү конкурсанттардын сабактарын көрүп, анализдейт. Тандоо турунда конкурсанттардын документациясы талдоого алынып, финалдык этаптын катышуучулары тандалат.

Эксперттик топ финалисттердин тандоо жана финалдык турундагы топтогон жалпы баллдарынын суммасын эсептеп чыгарат жана анын негизинде “ОшМУнун заманбап окутуучусу” номинациясына татыктуусун аныктайт.

2.3. Конкурсту уюштуруу жана өткөрүү боюнча 1-2-турларында факультеттик, институттук, колледждик деңгээлдеги уюштуруу комитети жана эксперттик топтун курамы ОМКнын жетекчилиги тарабынан аныкталат**.** 3-турун өткөрүү боюнча ректораттын деңгээлиндеги уюштуруу комитети түзүлүп, ал ОшМУнун ректору тарабынан бекитилет.

2.4. Уюштуруу комитетин төрага (төрайым), ал жок учурда анын орун басары жетектейт.

2.5. Конкурстун уюштуруу комитетинин милдеттери жана укуктары:

- Конкурсту өткөрүүнүн тартибин, формасын жана мөөнөттөрүн аныктайт;
- Конкурска талапкерлер тарабынан көрсөтүлүүчү материалдардын жасалгасына коюлуучу талаптарды аныктайт;
- Конкурска тапшырылган материалдардын мазмунун жана аларды баалоонун нормаларын, критерийлерин иштеп чыгат;
- Конкурстун эксперттик тобунун курамын түзөт, алардын ишинин регламентин аныктайт;
- Конкурстун финалисттерин жана жеңүүчүлөрүн аныктайт;
- Конкурсту университеттин сайтына жарыялоону, маалыматтык материалдарды чыгарууну камсыздайт;
- Эксперттик топтун курамынан 3 (үч) кишиден кем эмес эсептөө комитети түзүлөт;
- Талаш-тартыш маселелер орун алган учурда, бөлүм тарабынан түзүлгөн көз карандысыз эксперттерге кайрылышат.

2.6. Экинчи турдун жыйынтыгы боюнча конкурска катышууга талапкер төмөндөгү документтерди окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмүнө (ОСМКБ) басма жана электрондук түрдө (nurmamatva2019@gmail.com, tynai020273@mail.ru) тапшырат :

- Талапкерди конкурска катышууга көрсөтүү жөнүндө факультеттин Окуу-методикалык кеңешинин, Окумуштуулар Кеңешинин протоколунун негизделген чечиминин көчүрмөсү;
- Конкурска катышуу үчүн арыз (1-тиркеме);
- Конкурсанттын электрондук портфолиосу (резюме, окуу-методикалык, илимий, коомдук, тарбиялык, насаатчылык иштери жөнүндө маалыматтар, сертификаттары жана сыйлыктары);
- Лекциянын окуу-усулдук материалдар менен жабдылышы (силлабус, өткөн сабактын иштелмеси, баалоо критерийлери ж.б.) кагаз түрүндө тапшырылат;
- “Окутуучу студенттин көзү менен” анкетирлөөсүнүн жыйынтыгы;
- Эксперттик топтун мүчөлөрү факультеттен сунушталган конкурсанттын апрель, май айлары ичинде өтүлгөн лекциялык сабактарына катышышат, анализдешет жана өз учурунда анын сабактан топтогон баллын угузушат. (2-тиркеме)
- Жеңүүчүлөрдүн видеосабактары сайтка жүктөлөт.

2.7.Конкурсту өткөрүүдөгү принциптер:

- ачыктык;
- объективдүүлүк;
- ыктыярдуулук;
- кесиптик этиканын нормаларын сактоо.

## III. “ОшМУнун заманбап лектору” конкурсунун катышуучуларынын укуктары

3.1 Конкурстун катышуучусу арыздарды кабыл алуунун акыркы мөөнөтү аяктаганга чейин эксперттик топко жазуу жүзүндө билдирүү менен өзүнүн арызын чакыртып алууга же өзгөртүүгө укуктуу.

3.2. Конкурстун шарттары менен таанышуу жана конкурстун жүрүшү тууралуу маалымат, кеңештерди алууга;
- ушул Жободо аныкталган тартипте конкурска катышууга;
- конкурстун шарттары жөнүндө маалымат алууга;
- конкурстун Жеңүүчүсү деп табылган учурда сыйлыкты алууга.
3.3. Жеңүүчү конкурсант байгени өз каалоосу боюнча колдоно алат.
3.4. Эксперттик топтун мүчөлөрүнүн ишине канааттанбаган учурда эксперттик топтун төрагасына даттануу бере алат. Бул учурда эксперттик топ кошумча окуу-усулдук документтердин электрондук бекитилген вариантын талап кылат.

**Катышуучунун милдеттери:**

3.5. Конкурстун катышуучусу ушул Жободо аныкталган сынактын эрежелерин сактоого милдеттүү.
3.6. Ушул Регламенттин талаптарын сактоого, анын ичинде ушул Регламентте белгиленген мөөнөттө сынакка катышууга байланыштуу бардык аракеттерди жасоого.

## IV. Конкурстун финалдык туру

4.1. Конкурстун финалдык этабын өткөрүү тартибин уюштуруу комитети аныктайт.
4.2. Конкурстун катышуучулары төмөнкү милдеттүү конкурстук тапшырмаларды аткарышат:

- кесиптик жогорку, орто кесиптик билим берүүнүн учурдагы тенденцияларын чагылдырган мастер-класс (15 минуттан ашпаган) өткөрүшөт;
- дисциплинанын окуу методикалык комплексин тапшырышат.

4.3. Финалдык турдун конкурстук тапшырмаларын уюштуруу комитетинин чечими менен аныкталган эксперттик топ баалайт.
4.4. Эксперттик топтун ишин уюштуруу комитетинин төрагасы (төрайымы) жетектейт.
4.5. Эксперттик топтун функциялары:

- конкурстанттардын кесиптик жана чыгармачыл жөндөмдөрүнө баа берет;
- ачык добуш берүү менен, топтолгон баллдардын негизинде конкурстун жеңүүчүсү жөнүндө чечим чыгарат.

4.6. Эксперттик топтун курамындагы тизме боюнча анын жарымынан көп мүчөсү катышкан отурумунда кабыл алынган конкурстун жеңүүчүсү жөнүндө чечими укуктуу болуп эсептелет.
4.7. Конкурстун жыйынтыгын чыгаруу үчүн эксперттик топтун чечимине төрага кол тамга койгон протоколу уюштуруу комитетине тапшырылат.

## V. Конкурстун жеңүүчүлөрүн жана финалисттерин сыйлоо

5.1. Конкурстун катышуучуларына сертификаттар тапшырылат.
5.2. Конкурстун финалисттери дипломдор менен сыйланышат.
5.3. “ОшМУнун заманбап лектору” конкурсунун жеңүүчүлөрүнө диплом жана акчалай сыйлык берилет:

I орун – 50 000 (элүү миң сомдон кем эмес)
II орун – 40 000 (кырк миң сомдон кем эмес)
III орун – 30 000 (отуз миң сомдон кем эмес)

IV орун – Ысык-Көлгө жолдомо (5 күнгө)

***Эскертүү:***

*Конкурска жөнөтүлүүчү бардык материалдар кыргыз же орус тилдеринде кагаз жана электрондук түрүндө тапшырылат. Жеңүүчүлөрдүн электрондук документтери ОСМКБнын сайтында сакталат. Кагаз түрүндөгү материалдар конкурсанттарга кайтарылып берилет.*

\

**1-тиркеме**

Конкурстун уюштуруу комитетине

______________________________

(кафедра, кызмат орду)

______________________________

______________________________

(аты-жөнү)

______________________________

арыз

Мени “ОшМУнун заманбап лектору” конкурсуна катышуучулардын тизмесине кошуп коюуну суранам.

Конкурска катышууга төмөнкүлөр негиз болот:

- Факультеттин окуу-методикалык кеңешинин протоколунан көчүрмө
- Факультеттин окумуштуулар кеңешинин  протоколунан көчүрмө.

Кол тамга: ________________
2024-ж. "___" ______________

**2-тиркеме**

**"ОшМУнун заманбап лектору" конкурсуна катышуучунун электрондук портфолиосу**

__________________________________________________________________

Катышуучунун аты-жөнү:
______________________________________________________________

Окуткан дисциплинасы:
______________________________________________________________
______________________________________________________________

Окумуштуулук даражасы, наамы, кызматы:
__________________________________________________________________

Педагогикалык стажы:
______________________________________________________________

Байланыш малыматтары:
Моб.телефон: ________________________

E-mail: ________________________________

- резюме;
- окуу-методикалык багытта аткарган иштери;
- илимий жетишкендиктери;
- коомдук, тарбиялык, насаатчылык иштери;
- сертификаттары жана сыйлыктары.

***Эскертүү:*** *маалыматтар акыркы 3 жыл ичиндеги болушу керек*

**3-тиркеме**

**“ОшМУнун заманбап лектору” конкурсунун финалдык туру боюнча баалоо барагы**

____________________________________________

(талапкердин аты-жөнү)

| К.№ | Баалоо көрсөткүчтөрү | Баалоо критерийлери | | | Балл менен бааланышы |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 5 балл | 4 балл | 3 балл | |
| **1. Лекциянын уюштурулушу** | | | | | |
| 1.1. | Лекциянын темасы жана максаттын коюлушу, о.э. күтүлүүчү натыйжалардын аныкталышы | Сабактын темасы жарыяланды, доскада же презентацияда жазылды. Теманын мазмунуна ылайык көрсөтмөлөр берилип, студенттер менен биргеликте максат жана күтүлүүчү | Сабактын темасы жарыяланды. Окутуучу өзү сабактын максатын жалпы мүнөздөп, күтүлүүчү натыйжалар толук аныкталбады. | Тема жарыяланды, бирок, максаттуу көрсөтмөлөр берилбеди, күтүлүүчү натыйжалар белгиленген жок. | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | натыйжалар белгиленди. | | | |
| 1.2. | Студенттердин лекциядагы ишмердигинин мотивацияланышы | Алдыда турган иш аракеттин маани-маңызы толук ачылды, теманын теориялык жана практикалык мааниси белгиленди. | Алдыда турган иш аракет жөнүндө жетиштүү түшүнүк берилбеди | Иштин теориялык жана практикалык маанилүүлүгү актуалдаштырылган жок | |
| **2. Лекциянын мазмуну** | | | | | |
| 2.1. | Лекциянын мазмунунун НББПдагы окутуунун натыйжаларына дал келиши | Лекциянын мазмуну толук бойдон окутуунун натыйжасына жана калыптапдыруучу компетенцияларга дал келет | Лекциянын мазмуну окутуунун натыйжасына жана калыптапдыруучу компетенцияларга айрым бөлүктөрү туура келет | Лекциянын мазмуну окутуунун натыйжасына жана калыптапдыруучу компетенцияларга бир гана бөлүгү дал келет | |
| 2.2. | Предметтин ички жана предметтер аралык интеграцияланышы | Предметтин ички жана предметтер аралык б интеграцияланышы так байкалат. Байланыш түзүү үчүн окутуучу суроолорду берет. | Предметтин ички жана предмет аралык интеграцияланышы так эмес. Байланыш түзүүгө карата суроолор толук эмес. | Предметтин ички жана предмет аралык интеграцияланышын түзүү так эмес. Байланыш түзүүгө лектор көңүл бурбайт. | |
| 2.3. | Лекциянын илимий деңгээли (мазмуну) | Лекциянын мазмуну учурдагы илимдин жетишкендиктерин толук чагылдырат. Илимийлүүлүк деңгээли жогору. | Лекциянын мазмуну илимдин жетишкендиктери менен толук дал келбейт. Илимийлүүлүк деңгээли орто. | Лекциянын мазмунунда илимий жетишкендиктер чагылдырылган жок | |
| **3.Лекцияны окуунун методикасы** | | | | | |
| 3.1. | Лекциянын планы жана аны окуп-тааныштыруунун формасы | Лекциянын планы оозеки формасында, же басма түрүндө, же презентацияда берилди. Пунктарынын көлөмү (саны) оптималдуу. | Лекциянын планы тез темпте, түшүндүрүлбөй окулду; пландын пунктары лекцияны окуу процессинде аталды; план ашыкча майдаланган (же бардык маселелер камтылган эмес) | Лекциянын планы логикалуу тартипте эмес, же лекциянын планы жарыяланган жок | |
| 3.2. | Лекциянын материалын логикалуу жана жеткиликтүү түшүндүрүү үчүн окутуунун заманбап интернет тиркемелерин жана сервистерин колдонуусу | Лекциянын материалы логикалуу тартипте, системалуу, ырааттуулукта жеткиликтүү заманбап методдор, интернет сервистер жана тиркемелер жемиштүү колдонулду. | Лекциянын материалы системалуу заманбап методдор, интернет сервистер жана тиркемелер колднулду, бирок кээ бир логикалык кемчиликтерге жол коюлду. Тыянактар толук чыгарылган | Лекциянын материалын түшүндүрүүдө логикалык байланыш жок. Тыянактар толук чыгарылбайт. Материал студенттердин кабыл алуусу үчүн толук | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Тыянактар так, толугу менен чыгарылды. | жок. | түшүнүктүү эмес. | |
| 3.3. | Студенттердин жаңы илимий түшүнүктөрүн калыптандыруу | Жаңы илимий түшүнүктөр ар кандай ыкмалар менен берилет, ар түрдүү аныктамалар (дефинициялар) жана мисалдар келтирилет. | Түшүнүктөрдүн аныктамалары сунушталды, комментарийлер берилген жок. | Жаңы түшүнүктөргө көңүл бурулбайт | |
| 3.4. | Лекцияда колдонулган заманбап усулдардын жана ыкмалардын ар түрдүүлүгү (Flipped Class: водкаст (vodcast), подкаст (podcast), и преводкаст (pre-vodcasting)) ж.б. | Ар түрдүү усулдар жана ыкмалар колдонулат; проблемдүү ситуациялар чебер түзүлөт, иш аракеттеги изилдөөчүлүк элементтери байкалат. | Ар түрдүү усулдар колдонулат, бирок алардын кээ бирлери өзүн актабайт (усулдар туура колдонулбайт) | Негизинен репродуктивдүү усулдар колдонулат, алар студенттердин ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзбөйт | |
| 3.5. | Көрсөтмө каражаттарын колдонуу (көрсөтмөлүүлүк, тех. каражаттар компьютердик презентация) | Көрсөтмө каражаттар мазмунга ылайык так, туура колдонулат. Кабыл алуу үчүн толук жеткиликтүү | Көрсөтмө каражаттар колдонулат, бирок, мазмунга толук шайкеш келбейт. Кабыл алуу, түшүнүү үчүн кыйынчылык жаратат. (жазуулары окулбайт, даана эмес) | Көрсөтмө каражаттар эффективдүү колдонул-байт, мазмунга толук шайкеш келбейт. Кабыл алуу, түшүнүү үчүн кыйынчылык жаратат. (жазуулары окулбайт, даана эмес) | |
| | | **4.Лектордун кесиптик деңгээли** | | | |
| 4.1. | Кеп маданияты | Кеп маданияты так, туура, уккулуктуу, тизмектүү баяндайт. Ачык-айкын лексикалык сөз байлыгына ээ. | Кеп маданияты так, тизмектүү, бирок ачык-айкын жана уккулуктуу эмес | Сүйлөө речи так эмес, ашыкча кайталоолорго жол берет | |
| 4.2. | Аудитория менен байланыш түзүү жөндөмү | Аудитория менен байланыш эң жакшы түзүлгөн. Окутуучу студенттердин сый урматына ээ. | Аудитория менен байланыш иштиктүү мамиледе гана түзүлгөн | Аудитория менен бай-ланыш солгун деңгээлде, кайтарым байланыш норма катары эсептелбейт | |
| 4.3. | Лекциянын материалын баяндоо стили | Сүйлөө речинин илимий стили сакталат, илимий-популярдык стилдин элементтери | Лекциянын материалын баяндоодо такай илимий стилди карманат, жай | Баяндоо стили түшүнүксүз, материалды чаржайыт түшүндүрөт, | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | колдонулат, мамилелешүүгө шарт түзгөн жандуу аракет байкалат, студенттерге карата кайрылуусу ачык-айкын, алардын ишмердигин баалоосу объективдүү. | темпте, бир тон менен түшүндүрүлөт. Студенттердин ишмердиги кээде бааланбайт. | лекцияны окуу нормаларына толук дал келбейт. | |
| **5. Лекциянын жыйынтыгы** | | | | | |
| 5.1. | Лекциянын максатына жетиши жана кайтарым байланыштын жүрүшү | Коюлган максатка толугу менен жетишкендиги кайтарым байланыш менен далилденди. | Коюлган максатка толук жетпегендиги кайтарым байланышта аныкталды . | Коюлган максатка жетишилген жок, кайтарым байланыш жүргүзгөн жок. | |
| **6. Окуу-усулдук камсыздалышы** | | | | | |
| 6.1. | Лекциянын окуу-усулдук материалдар менен жабдылышы (силлабус, өткөн сабактын иштелмеси, баалоо критерийлери ж.б.) | Лекциянын окуу-усулдук материалдар менен толук жабдылышы, алардын эффективдүү колдонулушу, сабактын жүрүшү иштелме менен дал келиши. | Лекциянын окуу-усулдук материалдар менен толук жабдылышы, алардын колдонулушу жакшы натыйжа бербесе, сабактын жүрүшү иштелме менен дал келиши. | Лекциянын окуу-усулдук материалдары толук болбосо, сабактын жүрүшүнүн айрым этаптары иштелме менен дал келбесе. | |
| **Жалпы: (75 баллдан ашпайт)** | | | | | |

Эксперттин аты-жөнү ________________________________ _______________
(кол тамгасы)
2024-жыл “____”_______________